**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрайымы Шайлдабекова Нуржан Кармабековнага, Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Рахманов Алмазбек Азиректкуловичке Баткен областынын, Лейлек районунун Кулунду айылындагы №8205 Кулунду-борбордук шайлоо участкасынын шайлооучуларынын жана жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлердин атынан**

# Арыз

Биз төмөндө кол коюп сиздерге атайын кат менен кайрылуубуздун себеби төмөндөгүчө: Кулунду айыл Өкмөтүндөгү №8012 Кулунду-чыгыш УШК-**2142** шайлоочу , №8013 Кулунду-батыш УШК-**1373** шайлоочу, №8205 Кулунду-борбордук шайлоо участкасында **2467** шайлоочу катталган. Мында жергиликтүү Кеңештерге депутаттардын мандаттарынын бөлүнүшү. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо боюнча мыйзамынын негизинде пропорционалдык жана барабардык негизинде жүргүзүлөт деп так жазылган. Ал эми биз жогоруда көрсөтүлгөн 3 (үч) участкада бул көрсөткүч сакталбастан мыйзам одоно түрдө бузулган деп эсептейбиз. Айта кетсек 2021-жылдын 11- апрель куну өткөрүлгөн шайлоо учурунда №8205 Кулунду-борбордук УШК участкасына 1 мандат аз берилип, №8013 Кулунду-батыш УШК участкасына 1 мандат көп берилип калган.

Далил: Кулунду айыл өкмөтү боюнча **14192** шайлоочу катталган. Шайлоочулардын санын 31 мандатка бөлгөн учурда 1 мандат 458 добушка ээ болуш керек: (14192/31=458).

1) №8012 5 мандаттуу Кулунду-чыгыш УШК
   2142/458=5 мандат
2) № 8205 4 мандаттуу Кулунду-борбордук УШК
   2467/458=***5 мандат*** (1 мандатка аз)
3) №8013 4 мандаттуу Кулунду-батыш УШК
   1373/458=***3 мандат*** (1 мандатка көп)

Мында жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамында көрсөтүлгөн пропорционалдуу барабардыктын так сакталбагандыгы ачык көрүнүп турат. Мына ошондуктан Кулунду айыл өкмөтүндөгү шайлоо участкаларындагы